DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2023

*Ниязалиева К.Р., Дооронбекова Н.М., Болотова М.А.*

# ИНВЕСТИЦИЯ ӨЛКӨНҮ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН НЕГИЗГИ КАРАЖАТЫ КАТАРЫ

*Ниязалиева К.Р., Дооронбекова Н.М., Болотова М.А.*

# ИНВЕСТИЦИЯ КАК ОСНОВНОЙ ИНСТРУМЕНТ РАЗВИТИЯ СТРАНЫ

*K. Niyazalieva, N. Dooronbekova, M. Bolotova*

# INVESTMENT AS A MAIN TOOL FOR COUNTRY DEVELOPMENT

*УДК: 33. 338.22.021.1*

*Инвестициялар келечекте артыкчылыктарды алуу максатында иштин тигил же бул түрүнө (өндүрүш, ишкердик), кыймылдуу жана кыймылсыз мүлккө, акча агымына, интеллектуалдык жана башка баалуулуктарга узак мөөнөттүү инвестициялоону түшүндүрөт. Инвестициялык процесс коомдук өндүрүш менен кирешенин (акчанын) капиталга, өзүнөн-өзү өсүүчү наркка айланышы менен байланышкан. Ошондой эле, коомдун инвестициялык ресурстары: акчалай формадан товардык формага, товардык формадан өндүрүштүк формага, өндүрүштүк формадан кайра товардык формага, акырында акчалай формага айлануу сыяктуу айланууну чагылдырат. Инвестиция негизги фонддорду түзүүгө жана кайра өндүрүүгө акча каражаттарын салуу сыяктуу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылат. Экономиканы өнүктүрүүгө капиталдык салымдар, өндүрүштүн структурасын өркүндөтүү үчүн негизги фондуларды, каражаттарды жакшыртууга жана сапаттык жактан жакшыртууга мумкундук берет.*

***Негизги сөздөр:** инвестиция, ички инвестиция, тышкы инвестиция, мамлекеттик инвестиция, инвестор, инвестиция тартуу, каржылоо, шарттар.*

*Инвестиции подразумевают долгосрочные вложения в тот или иной вид работы (производство, бизнес), движимое и недвижимое имущество, денежные потоки, интеллектуальные и другие ценности с целью получения преимуществ в будущем. Инвестиционный процесс связан с общественным производством и превращением доходов (денег) в капитал, самовозрастающую стоимость. Также инвестиционные ресурсы общества отражают такой цикл: от денежной формы к товарной форме, от товарной формы к производственной форме, от производственной формы к товарной форме и, наконец, к денежной форме. Инвестиции осуществляются в форме капитальных вложений, таких как вложение средств в создание и воспроизводство основных фондов. Капитальные вложения в развитие экономики позволяют совершенствовать основные фонды и средства совершенствования структуры производства, повышать их качество.*

***Ключевые слова:** инвестиции, внутренние инвестиции, иностранные инвестиции, государственные инвестиции, инвестор, привлечение инвестиций, финансирование, условия.*

*Investment implies long-term investments in one or another type of work (production, business), movable and immovable property, cash flows, intellectual and other values in order to obtain benefits in the future. The investment process is associated with social production and the transformation of income (money) into capital, self-generating value. Also, the investment resources of society reflect such a cycle: from monetary form to commodity form, from commodity form to production form, from production form to commodity form and finally to monetary form. Investments are made in the form of capital investments, such as investment in the creation and reproduction of fixed assets. Capital investments in the development of the economy allow to improve fixed assets and means of improving the structure of production, to improve their quality.*

***Key words:** investment, domestic investment, foreign investment, public investment, investor, investment attraction, financing, conditions.*

Мамлекеттин экономикалык өнүгүүсүн камсыздоо, жаңыдан өнүгүп келе жаткан мамлекеттер үчүн эле эмес, өркүндөп өнүккөн мамлекеттер үчүн да өтө актуалдуу. Өнүгүп келе жаткан мамлекеттер үчүн дүйнөлүк экономикалык ааламга кошулуу жана ага толук кандуу активдүү катышуу негизги максат болсо, өнүккөн мамлекеттерде экономикалык ээликти жана басымдуулукту туруктуу кармап туруу жана аны дагы бир кыйла кеңейтүү максаты бар.

Экономиканы өнүктүрүүнүн негизги каражаты катары, ошондой эле, мамлекеттин каржылык жетишсиздигин толуктоо же ага кошумча каржаттарды тартуу максатында инвестиция эсептелинет. Инвестиция тартуу негизинен жаныдан өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө мүнөздүү болсо, өнүккөн өлкөлөрдө да тышкы жана ички инвестицияларды активдүү тартуу менен ийгиликтүү иш алып барып жаткан ишканалардын саны басымдуулук кылат.

Демек, ***инвестиция*** – мамлекеттин экономикасын өнүктүрүүнүн негизги каражаты деп кароого болот.

Белгилүү болгондой, мамлекет инвестициялык базардын абалын жөнгө салуучу жана анын саясаты, чет өлкөлүк капиталдык салымдардын көлөмүнө карата өлкөдөгү инвестициялык климаттын абалын аныктайт жана ал потенциалдуу инвесторлордун өлкөнүн тармактарына инветициялоо боюнча чечим кабыл алуусуна таасир берет.

Инвестициялык саясат (англ. (investment policy)) – бул, мамлекет тарабынан жүргүзүлгөн экономикалык саясаттын курамдык бөлүгү жана тармактардагы негизги каражаттарды жаңылоо жана аларды көбөйтүү зарылдыгын эске алуу менен техникалык деңгээлин жогорулатуу максатындагы алардын структураларын жана масштабдарын белгилөө, аларды пайдалануу багыттарын аныктоо багытындагы мамлекет жана ишканалардын жүргүзгөн саясаты катары кароого болот.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Өлкөгө инвестицияны тартуу, анда жагымдуу инвестициялык жагдайды түзүү - мамлекеттин жүргүзгөн иш-аракеттерине, мамлекеттер аралык, дүйнөлүк алака курууга далаалатына жана ага өлкөдөгү ишканалардын катышуу активдүүлүгүнөн көз каранды.

Мамлекет, өлкөгө инвестицияларды активдүү тартууга жана инвестициялык каражаттардын көлөмүн жана темпин жогорулатууга, өлкөнүн ички экономикалык, социалдык, саясий абалын турукташтырууга жана андагы шарттарды инвесторлого кызыктуу жана ошону менен, өлкө үчүн пайдалуу болушун камсыз кылууга болгон аракетин кылышууда. Бул, мамлекеттин инвестициялык саясаттын негизги багыты болуп саналат. Инвестициялык саясаттын негизги максаты болуп, өлкөнүн экономикалык, экологиялык жана социалдык мүмкүнчүлүктөрүн талдап чыгуу менен анын өнүктүрүү багыттарын аныктап, ага карата инвестициялык долбоорорду иштеп чыгып, каржылык каржаттарды тартууга багыттуу иш-аракеттер жүргүзүлөт. Ошодой эле, инвестициялык пайдалуулук жагын да карап чыгуу негизги талаптардын бири. Мамлекеттик инвестициялык саясатта өлкөнү өнүктүрүүгө – инвестицияны тартууда жагымдуу шарттарды түзүү жана инвестициялык ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу экономиканы жана социалдык чөйрөнү өнүктүрүү.

Базар экономикасынын шартында, өлкөгө инвестиция тартуу, атаандаштыкка туруктуу баардык ыкмаларды, иш-аракеттерди, каражаттарды камтыган, мамлекеттен салмактуу саясатты жүргүзүүнү талап кылат.

Ал, экономиканын чөйрөлөрүндө жана тармактарында капиталдык салымдарды пайдалануунун негизги багыттарын мүнөздөөчү, элдик чарбанын мамилелеринин жана чечимдеринин жыйындысын билдирет жана структуралык саясатты калыптандырууда чечүүчү ролду аткарат.

Инвестициялык саясаттын негизги максаттары, ресурстарды казып алуучу, кайра иштетүүчү жана керектөөчү тармактар ортосундагы капиталдык салымдардын тең салмактуулугун оптималдаштыруу; элдин жыргалчылыгын жогорулатуу, илимий-техникалык прогрессти тездетүү, социалдык инфраструктураны өнүктүрүү сыяктуу тармактарынын пайдасына капиталдык салымдарды кайра бөлүштүрүүнү камсыз кылуу болуп саналат.


Өлкөнүн экономикасындагы каржылык жетишсиздикти толуктоо максатында, ар бир мамлекет ички инвестициялык мүмкүнчүлүктөрдү активдештирүү жана тышкы инвестицияларды тартуу багытында пландуу иш аракеттерди жүргүзүп келишет.

Кыргызстандын инвестициялык саясатынын натыйжалуулугун, өлкөгө келип түшкөн инвестициялардын көлөмүнө жана инвестициялаган өлкөлөрдүн санына карата белгилөөгө болот.

Чет өлкөлөрдөн тартылган инвестициялардын көрсөткүчү боюнча 2021-ж. – 69 мамлекеттен инвестиция тартылган болсо, 2022-ж. 65 өлкөнү түзгөн. Инвестициялаган өлкөлөрдүн саны 4 өлкөгө азайганы менен, инвестициялык көлөмүнө карата 2021-ж. салыштырмалуу 2022-ж. 19,5% жогорулаган. Бул, мамлекеттик инвестициялык саясаттын ийгиликтүү ишке ашырылып жатканын чагылдырат (1-диаграмма).

*Диаграмма 1*

**Чет өлкөлүк инвестициялардын келип түшүшү.**
**(статистикалык комитеттин маалыматынын негизинде түзүлгөн).**




DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2023

Өлкөгө тартылган инвестициялардын түшүшүн карап көрө турган болсок, эң жогорку көрсөткүч ***пайдалуу кендерди казууга*** – 499,7 миң долларды түзүп, 2021-жылга салыштырмалуу 2,3 эсеге жогорулаган. Кийинки орунда ***иштетүү өндүрүшүнө*** – 340,8 миң доллар – 48 пайызга; ***финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу*** – 118,6 миң доллар – 2.2 эсеге; ***автомобиль жана мотоциклдерди сатууга*** – 105,7 миң доллар – 14%га жогоруласа, инвестициянын көлөмү 2021-жылга салыштырмалуу 2022-жылы ***кесиптик, илимий, техникалык ишмердикке*** – 4,9 эсеге; маалымат жана байланыш тармагы – 66%га кыскарган. Ал эми, өлкөнүн өзөгүн түзгөн ***айыл чарбалыгына*** 2022-жылы келип түшкөн инвестициялардын көлөмү, жалпы инвестициялардын көлөмүнүн болгону 0,27%ын гана түзгөн. Эң төмөн көлөмдөгү инвестиция тартылган ***билим берүү*** (14,6 миң доллар) тармагы белгиленген (2-диаграмма).

*Диаграмма 2*

**Инвестициялардын экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча келип түшүшү (статистикалык комитеттин маалыматынын негизинде түзүлгөн).**





Чет элдик инвестициялардын аймактык бөлүштүрүлүшү боюнча карап көрө турган болсок, 2022-жылы жогорку көрсөткүчтөгү Жалал-Абад облусу белгиленип, 2021-жылга салыштырмалуу 42%га жогорулаган. Ошондой эле, Талас, Ош, Баткан облустарында да инвестишиянын көлөмү жогорулаган. Ал эми, 2022-жылы Бишкек шаарына (10%га), Чүй облусуна (17%га) инвестициянын келип түшүшү кыскарган.

2021-ж. жана 2022-ж. да эң көп инвестиция тартылган Жалал-Абад облусу болуп белгиленет (3-диаграмма).

*Диаграмма 3*

**Инвестиялардын аймактар боюнча бөлүштүрүлүшү (статистикалык комитеттин маалыматынын негизинде түзүлгөн).**




DOI:10.26104/IVK.2023.45.557




Чет өлкөлүк инвестициялардын экономикага тартылышын талдоодо, 2022-жылы эң жогорку көлөмдөгү өлкөгө инвестициялык салым кошкон үч илтикте биринчи орунда – Туркия, экинчи орунда – Кытай, үчүнчү орунда – Россия Федерациясы турат. Кийинки туруктуу орундарды Казакстан, Нидерланд, Бириккен падышалык, Кипр, Германия ээлеп тарат. Жогоруда белгиленген өлкөлөр Кыргызстанга туруктуу жана көлөмдүү инвестициялаган мамлекеттерден болуп эсептелинет жана жылдан жылга каржылык көлөмү өсүүдө. 2022-жылы Венгрия, Кошмо Штаттардын, өлкөгө болгон кызыгуусу артылып жаткандыгын алардын инвестициялык каржылоо көлөмүнүн өскөндүгү менен белгилөөгө болот (4-диаграмма).

*Диаграмма 4*

**Тышкы инвестициялардын салыштырмалуу көрсөткүчү (статистикалык комитеттин маалыматынын негизинде түзүлгөн).**




Жогоруда белгиленгендер 2022-жылга карата чет өлкөлөрдөн тартылган инвестициялардын жалпы көлөмүн чагылдырат жана 2021-жылга салыштыруу менен талдоо жүргүзүлгөн.

Өлкөгө тартылган чет өлкөлүк инвестициялардын 2021-жылга салыштырмалуу көлөмүнүн өсүшү, мамлекеттин саясаттын туура багытта жүргүзүлүшү жана инвесторлорго өлкөдө түзүлгөн ыңгайлуу жагдайды сүрөттөйт.

Бирок, бүгүнкү күндө да инвестицияларды тартууда көптөгөн көйгөйлөр бар жана чечүүгө туура келет. Көптөгөн иш аракеттер менен тартылган инвестицияларды туура, багыттуу, пайдалуу жана үнөмдүү колдонууда маселелер жаралууда. Бул, мамлекеттик башкаруу системасындагы коррупциялык схемалардын инвестицияларды тартууда тоскоолдуктарды жаратышы, уруксат алуунун көп этаптуулугу, инвесторлорду чочутуп, кооптонууну жаратуу менен качырып алуу шарттарын жаратууда. Келип түшкөн инвестициялардын багыттуу эмес колдонулушу көзөмөлдүн солгундугун чагылдырса, инвестициялык каражаттын үнөмсүз колдонулушу пландоодогу кетирилген каталарды жана аткаруучулардын жоопкерчиликсиздигин белгилейт.

Жалпылап айтканда, өлкөгө тышкы инвестицияларды тартуу иш аракеттери бир кыйла жанданып, өлкөгө ыңгайлуу багытка бурулгандыгын жана жүргү-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



зүлгөн мамлекеттин саясаты натыйжалуу жыйынтыктарды бере баштагандыгын белгилөөгө болот.

**Адабияттар:**


1. Инвестиции в Кыргызской Республике 2018-2022. - Б.: Нацстатком КР, 2023. - 224 с.
2. Инвестиционная политика, инвестиции и предпринимательство в контексте современных вызовов и ограничений (памяти В.И. Огородникова): материалы Всеросс. науч.-практ. конф. с междунар. участием (Новосибирск, 1 декабря 2020 г.) / под науч. ред. Т.В. Гуруниян. - Новосибирск: Изд-во СибАГС, 2021. - 127 с.
3. Закон КР «Об инвестициях в Кыргызской Республике» от 28-февраля 2023 года №44.
4. Макеева М.Т., Бакас уулу Б. Проблемы инвестиционной привлекательности Кыргызской Республики // Современные технологии управления. ISSN 2226-9339.- №3(96). Номер статьи: 9601. Дата публикации: 03.09.2021. Режим доступа: https://sovman.ru/article/9601/
5. www.stat.kg/ru/statistics/investicii/
6. Капаков Б.Ж. Факторы инвестиционной привлекательности Кыргызской Республики. // Известия ВУЗов Кыргызстана. 2023. №. 2. С. 133-136.
7. Алыбаев Дж. Б., Темиров Н.Ж. Текущая инвестиционная ситуация в экономике Кыргызской Республики. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2019. №. 11. С. 82-85.